**УДК: 342.7 (575.2)**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-4-74-81**

**Сейдакматов М.Ж.**
педагогика илимдеринин кандидаты, доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
**Алымкулов К.А.**
тарых илимдеринин кандидаты, доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.

# "ОМБУДСМЕН" ИНСТИТУТУ АДАМДЫН УКУГУН КОРГООЧУ ИНСТИТУТ КАТАРЫ

**Аннотация:** Коомдогу ар кыл терс жараяндар белгилүү бир катмарлардын укуктук теңсиздикке жана элдин көпчүлүк бөлүгүнүн абалын кыйла начарлатууга алып келет. Терс фактылар атуулдардын негизги укуктары менен эркиндиктеринин бузулушуна өбөлгө болот. Ушул жагдайда алардын укуктарын коргоо зарылдыгы пайда болууда.

Автор коргоо бул укуктун тийиштүү ченемдеринин маани-маңызына ылайык адамдардын укуктарын толук урматтоону камсыз кылууга багытталган ишмердиктин түрү деген аныктаманын негизинде КРнын Омбудсменине (Акыйкатчы) маанилүү роль таандык экендигин көрсөткөн. Анткени, Омбудсмен институту Кыргызстанда гана эмес, дүйнөнүн саясий -укуктук мейкиндигинде дагы адамдын укуктары менен эркиндиктерин коргоо жана сактоо жатындагы маанилүү механизм катары кабылданат. Макалада, Омбудсмендин кыргызстандык коомдо адам укуктарын коргоо багытындагы ишмердүүлүгүн, укук тууралуу мамлекеттин агартуучулук жана билим берүү жагындагы иш аракеттер аныкталат деген пикирди белгилеген. Автор коомдун укуктук маданияттынын денгээлин жогорулатуу багытындагы механизмдерин иштеп чыгуу зарылдыгы көрсөтүлгөн.

**Негизги создор:** мамлекет, Омбудсмен, коом, укук, адам, калк, маданият, институт, ишмердүүлүк, коргоо, коопсуздук.

**Сейдакматов М.Дж.**
кандидат педагогических наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
**Алымкулов К.А.**
кандидат исторических наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

# «ОМБУДСМЕН» КАК ИНСТИТУТ ЗАЩИТЫ ПРАВ ЧЕЛОВЕКА

**Аннотация:** Различные негативные процессы в обществе приводят к правовому неравенству отдельных классов и значительному ухудшению положения большинства людей. Также негативные факты способствуют нарушению основных прав и свобод граждан. В этой ситуации возникает необходимость защитить права каждого.

Исходя из определения, что защита – это вид деятельности, направленный на обеспечение полного соблюдения прав человека в соответствии соответствующими нормативными актами, автор отметил, что в обеспечении прав и свобод важная роль принадлежит Омбудсмену Кыргызской Республики. Ведь институт Омбудсмена является одним из важных механизмов защиты и сохранения прав и свобод человека не только в Кыргызстане, но и в политико-правовом пространстве мира. Функционированию института Омбудсмена по защите прав человека в кыргызстанском обществе определяется деятельностью государства в сфере просвещения и образования. Автор указал на необходимость разработки механизмов, направленных на повышение уровня культурно-правовой культуры общества.

**Ключевые слова:** государство, Омбудсмен, общество, закон, личность, население, культура, институт, деятельность, защита, безопасность.

**Seidakmatov M.Dz.**
candidate of pedagogical sciences, Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
**Alymkulov K.A.**
Candidate of Historical Sciences, Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek

## "OMBUDSMAN" INSTITUTE AS A HUMAN RIGHTS PROTECTION INSTITUTE

**Annotation:** Various negative processes in society lead to legal inequality of individual classes and a significant deterioration in the situation of most people. Also, negative facts contribute to the violation of fundamental rights and freedoms of citizens. In this situation, there is a need to protect the rights of everyone.

Based on the definition that protection is a type of activity aimed at ensuring full compliance with human rights in accordance with relevant regulations, the author noted that the Ombudsman of the Kyrgyz Republic plays an important role in ensuring rights and freedoms. After all, the institution of the Ombudsman is one of the important mechanisms for the protection and preservation of human rights and freedoms not only in Kyrgyzstan, but also in the political and legal space of the world. The functioning of the institution of the Ombudsman for the protection of human rights in Kyrgyz society is determined by the activities of the state in the field of education and education. The author pointed out the need to develop mechanisms aimed at increasing the level of cultural and legal culture of society.

**Key words**: state, Ombudsman, society, law, personality, population, culture, institution, activity, protection, security.

Союздун ыдырашы менен Кыргызстан эгемендик алды жана ошол эле убакта социалдык экономикалык факторлор жагынан терс көрүнүштөгү шартка туш болуду. Мындай терс таасир коомдогу катмарланган бөлүнүүчүлүккө жана мүлккө ээ болуу жагынан теңсиздикке жана элдин көпчүлүк бөлүгүнүн абалын кыйла начарлатууга алып келди. Ошентип буга окшогон терс фактылар адамдын жана атуулдардын негизги укуктары менен эркиндиктеринин массалык түрдө бузулушуна алып келген. Анын үстүнө эки миңинчи жылдыктын аягында бүткүл дүйнөдө адам укугу менен эркиндигин сактоо жана камсыздоо маселеси эң алдыңкы орунга чыкты.

Мындай өзгөрүүлөрдөн Кыргызстан дагы четте калган жок. Жеке адамдын укугу – түбөлүктүү маселе бойдон философиялык, диндик, этикалык, укуктук жана саясий жактан эч өзгөрүүсүз түрдө көңүлдүн борборунда келе жатат.

Биздин оюбузча адамдын укугун коргоону сактоого байкоо жүргүзүүдө, биринчи кезекте, улуттук жана эл аралык укук коргоо механизмдеринин мүмкүнчүлүктөрүн бүгүнкү күндөгү эл аралык мамилелердеги шартка жараша түзүү жана өркүндөтүү зарыл. Бул контексттен алып караганда КРнын Омбудсменине (Акыйкатчы) маанилүү роль таандык. Чыны менен бүгүнкү күндө Омбудсмен институтун (Акыйкатчы) дүйнөнүн саясий -укуктук системасында мамлекеттик органдардын ишиндеги адам укуктары менен эркиндиктерин коргоо жана сактоо жагындагы маанилүү механизм катары калыстык менен бааланышы бекеринен эместей. Адамдын бардык ишмердигинде бийлик бутактарынын башкаруучулук экспансиясынын кеңейип баратышы, адамдарды мамлекетке көз карандылык акыбалга алып келип жатышы ушуга окшогон терс көрүнүштү токтотуунун механизмдерин жаратууга аргасыз кылууда. Кыргызстандын шартында мындай фактылар айрыкча маанилүү, анткени саясий-экономикалык, улуттук өзгөчөлүктөрү ар түркүн аймактардагы элдин этникалык , маданий, тарыхый жактан калыптанып калган өзгөчөлүктөрү жагынан ар түрдүү пикирдеги калктын катмары үчүн саясий өзгөрүүлөрдүн шарты ушуну талап кылып жатат.

Омбудсмен институту (Акыйкатчы) укук коргоо жаатындагы кошумча түрдөгү, атаандаш эмес, адам укугун коргоп жана сактоого байкоо жүргүзө турган укуктук институт катары өз ишмердигин жүргүзө ала турган механизм катары эсептелинет.

Башынан биз коргоо деген эмне деген тушунуктун маанисин ачуунун негизинде адам укгун коргоочу институт катары изилдоону эп кордук.

Илимий жаатта калыптанган аныктамага ылайык коргоо бул укуктун тийиштүү ченемдеринин маани-маңызына ылайык индивидуумдун укуктарын толук урматтоону камсыз кылууга багытталган ишмердиктин түрү.

Ишмердиктин бул түрлөрү жооптук, б.а. жакындап келе жаткан бузууларды болтурбоо же бөгөт коюу максатында кабыл алынган, коррекцияга багытталган, же түзүүчүлүк, б.а. зарыл укуктук жана институттук базаны түзүү, тийиштүү потенциалды чыңдоо жана коомго адам укуктарын сактоого жетишүү жана андан аркы бузууларды болтурбоону [1, 22-б.] көздөйт.

Коргоонун мындай аныктамасын адам укуктары жагындагы эл аралык укук мамлекетке жүктөгөн милдеттердин төрт түрүнүн: адам укуктарын урматтоо, б.а. алардын ашкере бузуудан карманууу; ошондой укуктарды коргоо, б.а. курмандыктардын пайдасында окуяларга кийлигишүү жана аларды башка адамдардан же болуп жаткан окуялардан чыккан коркунучтардан калкалоо үчүн коргоо чараларын көрүү;

-алардын аткарылышын камсыз кылуу, б.а. өз укуктарын толук көлөмүндө жүргүзүү үчүн адамдарга зарыл болгон камылгаларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү берүү; жана ал милдеттенмелерди кодулоосуз аткаруу контекстинде кароо керек [2, 20-б.].

Күндөлүк турмушта бул милдеттенмелер мамлекет, атап айтканда: – адам укуктарын жаңыдан же кайталап бузууну болтурбоого; – мамлекеттик мекемелерди жана бийлик органдарын тийиштүү укуктарды урматтоого жана алардын курмандыктарын үчүнчү жактардан же болуп жаткан жагдайлардан, анын ичинде бөөдө кырсыктардан келип чыккан коркунучтардан коргоого мажбурлоо менен адам укуктарын орун алган бузууларга бөгөт коюуга, жана – бузуунун издери боюнча репарацияны жана толук реабилитациялоону камсыз кылууга тийиш дегенди билдирет.

Омбудсмен ( Акыйкатчы) башка баардык граждандардай эле белгилүү бир саясий көз караштыкарманууга укуктуу, ар кандай саясий жактан бир максатты көздөгөн коомдук кыймылдарды колдоого акылуу, бирок өзүнүн саясий көз карашын ачык айтуу укугу жок. Анын ишмердигинин чөйрөсү менчигинин түрүнө карабастан граждандар менен малекеттик органдардын, коомдук уюмдардын, ишкана-мекемелердин ортосундагы мамилелерди жөнгө салуу болуп саналат.

Укукту коргоочу институт катары Омбудсмен ( Акыйкатчы)

-Ар бир өмүрдү коргоого;

-коопсуздукка жана дене бойдун кол тийгистигине;

-үй-бүлөлүк байланыштарды коргоого тиешелүү укуктарды коргоо. Бул кепилдиктер өзгөчө кырдаалдардын учурундагы жана түздөн-түз ал аяктагандан кийинки жарандык жана саясый, өзгөчө релеванттык укуктар болуп саналат. Алардын кээ бирлери, өзгөчө коопсуздукка жана дене бойдун кол тийгистигине болгон укуктар бөөдө кырсыкты жоюу боюнча бүткүл операциялардын учурунда, мисалы, гендердик негизде зомбулук контекстинде маанилүүлүгүн сактап калат [3].

- Азык-түлүккө болгон укукту сактоо жана коргоо зарыл. Аны адекваттуу сапаттагы жана жетиштүү сандагы наркы боюнча жеткиликтүү азык-түлүккө, же аны табуу каражатына кодулоосуз ээ болууга укук катары түшүнүү керек;

- Ден-соолукка укукту сактоо жана коргоо зарыл. Аны кодулоосуз, өз убагында жана тийиштүү түрдө, жеткиликтүү жана гендердик-сезгич медициналык тейлөөгө, ошондой эле ден-соолугунун абалын аныктоочу негизги факторлорго (коопсуз ичүүчү сууга жана адекваттуу сангигиеналык ыңгайлуулуктарга, зыянсыз азык-түлүктүн адекваттуу санына, жакшы тамактанууга жана кабыл алгылыктуу турак-жай шарттарына), жакшы кесиптик жана экологиялык шарттарга, билим алууга жана ден-соолукту коргоо, анын ичинде сексуалдык жана репродукциялык ден-соолукту коргоо чөйрөсүндө маалыматка жеткиликтүүлүк) укукту коргоо;

- үй-жай; жана билим берүүгө тиешелүү укуктарды коргоо. Бул социалдык укуктар, бөөдө кырсыктардын курмандыктарына турмуштук мааниси бар зарыл гуманитардык жардам, айрыкча өзгөчө жагдайлар колдонулган мезгилде, ошондой эле мүмкүн болушунча кыйла кийинки стадияларда жардам алууга укук берет.

- Турак жайга, жерге жана менчикке; жана жашоо каражаттарына тиешелүү укуктарды коргоо. Мындай экономикалык, социалдык жана маданий укуктар авариялык-куткаруу иштердин аякташы жана калыбына келтирүү стадиясынын башталышы боюнча өзгөчө мааниге ээ болот.

-Документацияга, адамдардын ички жер которгон адамдардын көйгөйлөрүн бекем жөнгө салуу контекстинде ары-бери эркин жүрүүгө; үй-бүлөлүк байланыштарды калыбына келтирүүгө; өздөрүн көрсөтүүгө жана пикирин эркин билдирүүгө; жана шайлоолорго тиешелүү укуктарды коргоо. Калыбына келтирүү фазасы канчалык узак болсо, ал жарандык жана саясый укуктар ошончолук маанилүү болот

-Билим алууга укугун сактоо жана коргоо зарыл. Ал кодулоосуз, жеткиликтүү, кабыл алгылыктуу жана инклюзивдүү билим алууга анын бардык формаларына жана бардык деңгээлине карата укукту коргоо абзел [4, 128-б.].

Омбудсмендин адам укуктары жана эркиндиктери тууралуу агартуучулук жана билим берүү жагындагы ишмердүүлүгү адамдын жана атуулдардын укуктары жөнүндөгү маалыматтарды берүү менен чектелбейт, ошол эле мезгилде ал укуктук маданияттын өркүндөш – өнүгүш процессиндеги механизмдерин мыкты билүүгө көмөк

көрсөтө алмакчы. Бул иштер коомдогу тескери көрүнүш болгон укуктук нигилизмдин тоскоолдуктарын жеңүүгө мажбур болууда. Адам укугунун маданиятын жогорулатуу толук масштабдагы иштерди, анын ичинде, мамлекеттик институттардын бардык тармагындагы кызыктар жактарды: ММКын, граждандык коомдун өкүлчүлүктөрүн, кеңири коомчулукту тартуу аркылуу жүргүзүлүшү зарыл маселе бойдон турат. Омбудсмендин агартуучук ишмердиги билим берүү мекемелеринде, социалдык жана маданий чөйрөлөрдө, кылмыш – жаза аткаруу мекемелеринде, мамлекеттик, тартип сактоо жана сот органдарында жүргүзүлүшү максатка шайкеш келмекчи.

Бүгүнку учурда укуктук системанын процесстерми демократичялык укуктук мамлекеттин стандарттарына ылайыкташуусу жай ыргакта журуп жатат. Тилекке каршы бул процесс өтө татаал шарттардын кырдаалында жүрүп жаткандыгы белгилүү, анткени мурдатан бизге мурас болуп калган коммунисттик мезгилдин калдыктарынын таасирлери, улуттун менталитети, укуктардын ар дайым бузулуп турушу жана коррупция менен кедейчиликтин залдары өз кесепетин тийгизип жаткандыгы жалпыга маалым.

Адам укуктарынын массалык түрдө бузулуп жаткандыгынын себебинин бири- бул мамлекеттик органдардын кабыл алган чечимдеринин ачык эместиги жана өлкөдөгү саясий абалдын туруксуздугуна алып келет [5, 12-б.].

Омбудсмен (Акыйкатчы) институтунун ишмердүүлүгү боюнча ар кандай баа берүүгө болот, кээде калыс эмес пикирлер да айтылат, анткени граждандардын арыз, даттануулары дайым эле толук кандуу ишке ашырылбасы белгилүү эмеспи. Кээ бир учурларда адамдардын талаптары менен көйгөйлөрү закон талап кылган чектен чыгып кеткендиктен, толук түрдө мыйзамдын деңгээлинде аткарылбай калган учурлар да кездешип келе жатат, мындай фактылардын орун алышына, албетте, чиновниктик майда бюрократия, формализм тоскоолдук жаратары бышык.

Соттордон айрымаланып Омбудсмен (Акыйкатчы институтуна укуктук жактан ойлонулбаган чечимдерди негиздөөгө талаптар коюлбайт, ал өзүнүн токтомдору менен арыздарына мүмкүн болушунча актануучулукка каршы келген актоочулук маанайдагы чечимдерди киргизип, адам укугун бузган кызмат адамынын чүмбөтүн сыйрып, юридикалык салтка айланган сылап, талдоонун ыкмаларын колдонбойт [6, 26-б.]. Анын ар кандай түрдөгү кайрылууларынын күчү парламенттин, мамлекеттик органдардын жана басма сөз каражаттарынын ишенимине киргендиги менен дадилдеринин так,ынанымдуу болушу аркылуу айрымаланат. Омбудсмен өзүнүн чечимдерин укуктук болжол менен эле кабыл ала бербейт, аны моралдык аргументтер менен негиздеп, юридикалык тараптарга тоскоолдук жаратпанганга аракет жасайт.

Институттун беделин көтөрүүдө коомдук пикирлердин ролу абдан зор болот, Омбудсмен тарабынан мамлекеттик органдардын иштерине таасир этүү жагы алардын ишиндеги, кызматкерлердин жүрум-турумундагы ачыктыкты чыгарууга окшогон иштердин жыйынтыгы анын сунуштарын кабыл алууда жана жүзөгө ашырууда маанилүү орунду ээлейт. Омбудсмен (Акыйкатчы) институтунун ишиндеги граждандык коомдун структуралары менен болгон тыгыз байланышы абдан маанилүү, анткени ал дайыма коомдук пикирдин жүйөөсүнө таянышы пайдалуу. Коомчулуктан алыстап, обочолонуп, алардын колдоосунан ажырап калуу дегендик адам укугун коргоочу органдын элден бөлүнүп калуусуна алып келет. Адам укугун сактоонун жалпы эле жагдайларын жакшыртуу үчүн өкмөттүк эмес органдар, донорлор менен тыгыз кызматташууну жүргүзүү институттун ишин натыйжалуу куралга айлантышы мүмкүн. Мындай кызматташуу

институттун ишмердүүлүгүн натыйжалуу нукка салуу менен бирге эле граждандык коомдун ишинде ишенимдүү платформаны түзүп, эки жактуу иш аракеттерди алдыга жылдырууга өбөлгө түзмөкчү.

Адам укуктары менен эркиндиктерин коргоонун концепциясы өз иш тажрыйбасында жогорку компетентүүлүктү, жогорку категориядагы билим деңгээлин жана интеллектуалдык жактан болгон өзгөчө чектөөнү талап кылгандыгына ылайык мындай талапты укук коргоо органдарынын кызматчысы, б.а. адвокат, юрист, милиционер, салыкчы, сот болом деген талапкерлерге жогорулатуу жагы максатка шайкеш келмекчи. Укук коргоо органдарынын кызматкерлерине болуучу талапкер 5 жылдан кем эмес эмгек наамасына ээ болушу шарт болушу жана анын иштөө стили адам укугуна тиешелүү мүмкүнчүлүктөр менен айкашышы зарыл. Ошону менен бирге эле анын кесиптик компетенгттулугу жогору кызматкер деген кесиптик жондомдуулугу аныкталса, коомчулукка жакшы болмок жана озгочо эл аралык кызматташуудагы адам укуктары менен эркиндиктерине тиешелүү болгон укуктук нормаларды, принциптерди жакшы билгендиги аркылуу укук жаратуучулук иштин жакшырышына ар бир укук коргоо органдарынын кызматкери өз салымын кошууга жетишмек. Кыргыз Республикасынын уукук коргоо органдарынын түзүмүндо бир дүйнөлүк жана улуттук тажрыйбада алган орду менен милдети туурасында белгилүү бир жеке салымынын болгондугу байкалат [7,19-б.]. Башка ар кандай түрдөгү укук коргоо органдарынын кызматкерлери бири биринен айрымаланып Конституциянын, ар мыйзамдарынын жоболорун бекем кармоо менен калган бардык мыйзамдар менен укуктук актыларды так аткарып, жана эң башкысы ал абийирдүүлүктү, акыйкатты алдыңкы орунга коюшу зарыл

Адамдар коомдук талаптарга карай өнүгүүнүн туура багытын тандаса, анын өзү үчүн гана пайдалуу болбостон, коом үчүн да пайдалуу. Коомдо экономикалык, саясий, маданий, социалдык жана психологиялык ж.б. чөйрөлөр канчалык өнүккөн болсо, инсандын коомго карай калыптанышы ошончолук тез жана ыңгайлуу болуп, инсан да, коомду өнүктүрүгө умтулуу артыкчылыгына ээ болот. Ал артыкчылыктардын өзгөчөлүктөрүнүн бири бул укук коргоо органдарынын башкы милдети – калктын аларга болгон ишеним деңгээлинин жогорулугу [8, 23-б.].

Укук коргоо органдары менен калк ортосундагы конструктивдүү баарлашуусунун негизин социалдык кызаматтын өнүгүү денгээли аныктайт. Социалдык кызматтын негизинде коом жана милиция кесиптин кызматкеринин ортосундагы шериктештик мамилелер уюштурулушу керек. Анткени, жарандык коом тараптан милиция ишмердүүлүгүн баалоо жана анын көйгөйлөрүн чечүүдөгү аракеттер негизги критерийлерге таянышы зарыл.

-Социалдык кызматтын негизинде ички орган кесиптеринин кызматкерлеринин социалдык чөйрөдө ар кандай өзгөрүүлөрдү социалдык ыкмалар менен ылайыкташтыруу процесси жүргүзүлөт.

-Социалдык кызматчы коомдогу үстөмдүк кылуучу, социалдык топтогу системалык нормаларына жана баалуулуктарына жекелик жана топтук жүрүм-турумдарды заманбап шарттарына ылайык келтирүүго багытталат, Анткени, социалдык көзөмөлдөө механизиминин жардамы менен кызматчынын социалдашуу процессин ишке ашыруусу коомдук жана мамлекеттик күч колдонуунун ченемдери кошулат.

Граждандык коом адамдын социалдык чөйрөнүн шарттарына активдүү ылайыкташуу процессин камсыз кылууга багытталат. Жеке адамдын социалдык топтун социалдык чөйрө

менен болгон аракетин тескоого умтулат. Социалдык чөйрө жана субъектинин карым-катышынын гармонизациялуу жыйынтыгын камсыз кылганга аракеттерди кылат.

Коомдо ийгиликтүү аракет кылуусу үчүн жеке адамдын психологиялык, социалдык нормалары менен баалуулуктары, билими, билген нерселеринин өздөштүрүү процессине туздон туз таасир тийгизе алат жана коомдун укук коргоо органдарынын алдында турган башкы маанилүү милдет болуп, укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин социалдык-экономикалык көйгөйлөрүн чечүү эсептелинет. Ушуга баайланыштуу бүгүнкү күндө укук коргоо органдарынын проблемалары озоктуу маселе катары каралып, коомдун көйгөйүнө айланууда. Коомубузда «укук коргоо органдарынын кызматкерлери кабылган социалдык көйгөйлөрү тынымсыз орунтуктуу иш алып баруу үчүн алагды кылууда» [9, 23-б.]. Адамдын социалдык чөйрөдө ар кандай өзгөрүүлөргө социалдык ыкмалар менен ылайыкташтыруу процесси татаалдашууда десек жанылышпайбыз.

Ошол үстөмдүк кылган көйгөлөр социалдык топто системалык нормаларына жана баалуулуктарына жекелик жана топтук жүрүм-турумдарды ылайыкка келтирүүгө да терс таасирин тийгизет. Социалдык көзөмөлдөө механизминин жардамы жана социалдашуу процессин ишке ашыруу, коомдук жана мамлекеттик тарабынан белгилүү денгээлде жардам берилиши жана чечилиши зарыл. Жеке адамдын социалдык чөйрөнүн шарттарына активдүү ылайыкташуу процесси жеке адамдын социалдык топтун социалдык чөйрө менен болгон аракети, социалдык чөйрө жана субъектинин карым-катышынын гармонизациялуу жыйынтыгы жок десек да болот.

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы тарабынан атайын отчеттор даярдалып коомчулукка билдирилген, жалпысынан, отчеттор мыйзамдарга карама-каршы келген балдардын , аялдардын, карылардын, жеке ишкердердин жана башкалардын укуктарын корголушун камсыздоо максатында корулгон иш чаралардын жана аракеттерин камтыйт.

- Акыйкатчынын (Омбудсмендин) отчетторунда атайын баяндамаларында Кыргыз Республикасына көчүп келген этникалык кыргыздардын укуктарын, психиатриялык ооруканасында адамдардын, аскер кызматына чакырууда адам укуктарын , сот адилеттигин камсыздоо, аскер кызматчыларынын укуктарын, жарандардын таза суу жана санитарияга болгон, түзөтүү колониясында ден-соолукту коргоо, кыйноолордун жана катаал мамиленин курмандыктарын соттук-медициналык экспертиза өткөрүүдөгү, ата-энесинин камкордугусуз калган балдардын жана башка укуктарын коргоо жана сактоо боюнча маалыматтар чагылдырылат.

Граждандык коом бардык коомдук күчтөр менен, эл аралык уюмдар жана мамлекеттик органдар, укук коргоо уюмдары менен эч качан келишүүчүлүк, ынтайлуу мамиледе болушу керек. Мамлекеттик органдар менен кызматташууга умтулуп, ошол эле учурда ал, алар менен талашып-тартышкан, пикирлер келишпеген көз караштыы карманып туруу аркылуу граждандык коомдун кызыкчылыгын мамлекет алдында коргой ала турган күчкө айланышы маанилүү.

Граждандык коом адамдын жеке моралдык кадыр –баркы кыйла таасирин тийгизет [10, 116-б.]. Адам укугун коргоо ишиндеги концепция жогорку компетенттүлүк менен кесипкөйлүктү талап кылаарын иш тажрыйбасы көрсөтүп, талап эткендей бул кызматка келүүчүлөргө коюлуучу чен –бирдик, талаптардын жогорулатышы мезгилдин суроосу болууда.

Бүгүнкү заманбап мезгилле коом укук чыгаруу процессиндеги улуттук денгээлде адам укугун коргоого жана сактоого багытталган жана аны камсыздай ала турган

закондорду кабыл алууну, эл аралык стандарттар менен жакындашууну жакшыртууну талап кылып жаткан учуру. Анткени биздин элибиздин менталитетинин шартында жана аткаруу, сот бийлигиндеги өсүп бара жаткан паракорчулуктун кесепеттери бул иштин ишке ашырылышына шарт түзүп берери айкын маселе.

Акыйкатчыга калктын социалдык жактан эң начар корголгон катмарынын өкүлдөрү: жумушсуздар, пенсионерлер, ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелгендер б.а. укутарына шек келген жарандар кайрылат же арызданышат. Алар, жарандар мурда өз алдынча кайрылып, бирок жооп ала албаган ар кайсы бийлик органдарына , уюмдарга жана мекемелерге суроо-талап жиберүү өтүнүчтөрү; жарандык, үй-бүлөдөгү, коңшулар арасындагы араздашууларга байланыштуу ченемдик укуктук актыларды берүү тууралуу кайрылуулар каралат.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. Овсянников В. Институт Омбудсмена как институт обеспечения право на жизнь. – М., 2010, – С.171.
2. Колопов А. Омбудсмен укук коргоодогу негизги милдеттери. – Б., 2013, – 12-б.
3. Об институте Омбудсмена https: //ombudsman. kg/index.php?option=com_ content&view=category&id=66&Itemid=101&lang кирүү. 12.02.2024
4. Специальные доклады Института Омбудсмена (Акыйкатчы) Кыргызской Республики - Бишкек, 2018, – С.132.
5. Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 31-июлундагы № 136 «Омбудсмен (Акыйкатчы) жонундо» мыйзамы ”[Текст]: Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы. 2002-жыл 31-июлу // Эркин Тоо. – 2002. – 31-июлу
6. Колопов, А.С. Национальная имплементация норм международного права в области защиты прав человека и гражданина [Текст] / А.С. Колопов // Изв. Нац. Акад. наук Респ. Казахстан. – Алматы, 2015. – № 4 (302). – С. 192
7. Богомолов П. Правовые основы деятельности института Омбудсмена. -М., 2004.-215с.
8. Андреев Н.А., Стратегический анализ института Омбудсмена в России. – М., 2010.
9. Маликов Д. Деятельность Института Омбудсмен – М., 2014. – С.211.
10. Джунушалиева И.А Структура правосознания в соотношении правовых нравственных ценностей общества, -Б., //Вестник КГУ имени И. Арабаева, 2019, №4, – С.115-118

**Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты, профессордун м.а. Темирбек уулу И.**